

ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВ

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

*Атайын чыгарылыш*

# ВЕСТНИК

# КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМ. И. АРАБАЕВА

*Специальный выпуск*

ISBN 1654-5611

заверяю

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

**АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ**

**Серия: ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР**


## Республикалык илимий-практикалык конференция

## «Профессор Каратай Сартбаев – чыныгы элдик мугалим»

***(Кыргыз Республикасынын Илим күнүнө карата)***


Жарыяланган макалалардын бардыгы эле редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Жогорку Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.



Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.

Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө таркатылат.

**ISBN 1654–5611**

Дареги: Бишкек шаары,
Раззаков көчөсү, 51
Тел.: 66–39–90

**«Maxprint»** басмаканасында басылды.

**2013 - ж.**



**Башкы редакциялык коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А.** – т.и.д., доцент, башкы редактор
2. **Конурбаев Т.А.** – психол.и.к., доцент
3. **Каниметов Э.Ж.** – филос.и.к., доцент

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

1. Байсалов Дж.У. – п.и.д., профессор
2. Акиева Г.С. – п.и.д., профессор
3. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор
4. Мусаев С.Ж.– ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
5. Чодураев Т.М. – геогр. и.д., профессор
6. Чоров М.Ж. – п.и.д., профессор
7. Токсонбаева Э.Т. – п.и.к., доцент

**Педагогика сериясынын редакциялык коллегиясы:**

1. Омурбаева Д.К. – п.и.к., доцент
2. Раимбекова М. – п.и.к., доцент
3. Чокошева Б.С. – п.и.к., доцент
4. Акунова А.Р. – п.и.к., доцент
5. Атантаева Ж.И.. – магистрант

Подпись ... заверяю
Ученый секретарь ...
КГУ им. И. АРАБАЕВА

## МАЗМУНУ

**Байсалов Ж.У.**
Профессор К.Сартбаев жетектеген Э.Арабаевдин илимий-методикалык мурастарын изилдөө лабораториясынын Кыргызстандын эл агартуу тармагындагы орду ........ 7
**Чокошева Б.С.**
Профессор Каратай Сартбаев – башталгыч билим берүүгө зор салым кошкон окумуштуу ........ 10
**БримкуловУ.**
Профессор Сартбаев Каратай в Интернете ........ 12

***Акунова А.Р.***
Профессор К.Сартбаевдин илимий-педагогикалык иш тажырыйбаларын окуп-үйрөнүү жана жайылтуу иштери ........ 16
***Омурбаева Д.К.***
Жаңы муундун окуу китептери ........ 20
***Абдиева Ж.К.***
“Манас” эпосу - руханий баалуулуктардын булагы ........ 24
***Абдимомунова А. О.***
К типологическому исследованию синтаксических номинаций в английском и кыргызском языках ........ 27
***Абдраева Н.Э.***
Балдар адабияты – балдардын инсан болуп калыптануусуна зор өбөлгө ........ 32
***Абдраева Н.Э., Сагынбекова А.С.***
Тилдик каражаттарды колдонуудагы кетирилген каталар жана аларды оңдоонун түрлөрү ........ 34
***Абдраимова Б.У.***
Формирование каллиграфических навыков младших школьников ........ 36
***Абдраимов К. А.***
Кеп маданиятына үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана аны менен иштөөнүн ыкмалары ........ 40
***Абдухамидова Б.А.***
Адабий окуу сабагын натыйжалуу окутуу үчүн колдонулуучу айрым методдор ........ 43
***Абдухамидова С.А.***
Адабиятты окутууда сабактын максаттарынын туура коюлушунун мааниси ........ 46
***Абдухамидова С.А.***
Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык менен иштөөсүн уюштуруу үчүн колдонулуучу айрым методдор тууралуу ........ 49
***Абдырахманова С.***
Башталгыч мектепте ар бир сабакты натыйжалуу өткөрүү – мугалимдин ыйык милдети ........ 51
***Айрыгомова К.А., Кулманбетова Н.Ж.***
Эффективные методы и приемы преподавания иностранного языка в старших классах ........ 57
***Айталиева Т. К.***
Уркаш Мамбеталиевдин вариантынын айрым өзгөчөлүктөрү ........ 60
***Акматова С.М.***
Тарбия-билим элибиздин негизги – идеялогиясы ........ 63
***Акунова А.Р.***
Окутуунун кредиттик технологиясы боюнча студенттин өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү ........ 66
***Жумабек Алыкулов***
Окумуштуунун олуттуу иштери ........ 70
***Алымкулова З.***
Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты жана милдеттери ........ 73
***Артыкова Ж.А.***
«Манас» эпосундагы таң калуу эмоциясынын бейвербалдык контексти ........ 76



Заверяю
КГУ им. И. Арабаева

*Асанова А.Т.*
Формирование логического мышления у младших школьников ........ 79
*Атантаева Ж.И., Кемелбек кызы Нургүл*
Жайылма сүйлөмдү окутуунун кээ бир жолдору ........ 83
*Атантаева Ж.И., Молдосанова Г.*
2-класста фонетикалык материалдарды үйрөтүүнүн жолдору ........ 85
*Бектуров Т. М.*
Экологическое воспитание детей среднего школьного возраста средствами кыргызской литературы ........ 88
*Билал Кая*
Стилистиканын негизги түшүнүктөрү ........ 91
*Ботбаева Мира*
Тубаса педагог Каратай Сартбаевдин өмүр жолунан ........ 93
*Гамзе Тезжан*
Сүйлөөнүн таасирдүүлүгү жана көркөмдүгү ........ 95
*Жумалиева Жаңыл*
Профессор К.Сартбаев - кыргыз тилинин методикасын окутуу боюнча негизги адис ........ 98
*Дунганова Д.Э.*
Компетенции в образовательных программах ........ 99
*Жолдошова Б.А.*
Окуучулардын окуу жөндөмүн калыптандыруудагы креативдүүлүк ........ 102
*Жумакадырова Сабира*
Ак эмгектин үзүрү ........ 106
*Жумашова Н.*
Манастын кереметтүү төрөлүшү ........ 107
*Жунусалиева К.Т.*
К.Асаналиев-Айтматов таануучу ........ 112
*Жунусалиева К.Т.*
Тарыхый инсандардын интерпретацияланышында тарыхый жана көркөм чындыктын карым-катышы ........ 116
*Жээренчиева А.*
Кыргызстандагы Эл аралык “Сейтек” окуу комплексинин иш-тажырыйбасынан ........ 119
*Иманкулова К.И.*
Карысы бардын – ырысы бар. «Айкөлдүк сапаты бар, кажыбас кайраты бар – биздин Каратай агай». ........ 122
*Иманкулова С.Э.*
Башталгыч класстын ««Адеп»» сабагында дидактикалык оюндарды колдонуунун педагогикалык шарттары ........ 123
*Каласалиева М.*
Өспүрүм жаш-муунга эстетикалык тарбия берүүнүн принциптери, системалары ........ 127
*Калдыбаева А.Т.*
Жеңижоктун чыгармаларындагы идеяларды тарбиялоо процессинде колдонуунун методикалык өзгөчөлүктөрү ........ 129
*Калтаев Т.*
Естественные враги жуков-чернотелок (Coleoptera, Tenebrionidae) Киргизии ........ 133
*Каримова Б.А.,Убукеева А.Т.*
Филологиялык эмес жогорку окуу жайларында тил сабактарын интеграциялап окутуу ........ 135
*Касымалиева Г.О.*
Роль информационных технологий в организации учебно-воспитательного процесса Института педагогики КГУ им.И.Арабаева ........ 139
*Кожогелдиев А.С., Кожогелдиева К.М.*
Эрте жаш курактагы балдарда ой процессинин өнүгүүсү - башталгыч класста окуугa болгон даярдыктын башаты ........ 142

5. Колпакова Е. Ю., Логинова Н. В. Влияние примера преподавателя на формирование профессиональной компетентности студента // IX Всерос. конф. студентов, аспирантов и молодых ученых «Наука и образование» (25-29 апреля 2005 г.): мат-лы конф. в 6 т. Т. 3. Ч. 1.: Инновационная деятельность в науке и образовании. Педагогика. Томск: Изд-во Томского государственного педагогического университета, 2005. С. 305-307

6. Пискунова Е.В. Подготовка педагогов: как оценивать качество // Оценка качества освоения педагогических дисциплин в контексте аттестации вуза (Сборник статей). СПб.: Изд-во РГПУ им. А.И. Герцена, 2008.

7. Пискунова Е.В. Социокультурная обусловленность изменений профессионально-педагогической деятельности учителя. Монография. СПб.: Изд-во РГПУ им.А.И.Герцена, 2005. – 324 с.

8. Компетентностный подход в педагогическом образовании: Коллективная монография / Под ред. Проф. В.А. Козырева, проф. Н.Ф. Радионовой, проф. А.П. Тряпицыной // СПб.: Изд-во РГПУ им. А.И. Герцена, 2006. – 392 с.

## Окуучулардын окуу жөндөмүн калыптандыруудагы креативдүүлүк

***Жолдошова Б.А.,***

*И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын окутуучусу*

Жалпы окуу жөндөмдөрүнө ээ болуу, окуу  жөндөм деп аталат. Кенже мектеп окуучусунун окууга жөндөмүнөн барыдан мурда туруктуулук жана окууга каалоо андан ары өнүгүшү көз каранды. Башкача айтканда, мектепте алынган орто билим, эгер мектеп окуучулардагы айырма окууга болгон муктаждыкты түзсө, андан ары билимдердин толукталышы үчүн ишенимдүү база ошондой эле эгер мектеп алардагы чыгармачылык күчтү ойготсо, акыл эмгегинин рационалдуу ыкмалары менен кулактандырылса, маалыматтын чоң агымына ориентир жасоого жана маалыматтарды табууга үйрөтсө аларда ойдун активдүү өз алдынча иштөөсүн жөнгө салат. Бул үчүн окуу процессинде негизги жүк окуучулардын эске тутуусуна эмес алардын ой жүгүртүүсүнө тура келиши керек, анткени окутуунун негизи окуучулардын өндүрүүчү ишмердүүлүгү эмес, чыгармачылык ишмердүүлүк болушу керек. Билимдин маанилүү бөлүгүн окуучулар даяр түрүндө эмес, жаңы тапшырмаларды чечүүнүн ыкмалары менен маалыматты өз алдынча издөө процессинде өздөштүрүүсү зарыл.

Мугалим ар бир окуучунун интеллектуалдык чөйрөсүнүн өнүгүшүнё гана кам көрбөстөн, ошондой эле, өзүн уюштурууга жөндөмдүүлүктү жана окууга мамилесинин негизин түзгөн баланын инсандык сапатынын өнүгүшүнө да кам көрөт. Ошондуктан мугалимдин негизги милдети окуучуларды окууга зордоодо эмес, алардагы таанып-билүүчүлүк кызыкчылык жана муктаждык түрүндөгү каалоону өнүктүрүүдө турат. Анан дагы окуу ишинин кыйынчылыктарын жеңе билген эрктик умтулуунун. Мындан сырткары, окуучулардын өзүнүн жүрүм-турумуна ээ болуусуна жана алардагы өзүн-өзү контролдоо, өзүн-өзү текшерүү, өзүн-өзү баалоону калыптандыруусуна жардам берүүгө умтулуу зарыл; өзүнүн ийгилигинен жасалган иштен кубанычтуу канагаттануу сезимин уюштурууга умтулуу керек.

Окутуунун башкы милдети окуучулардын активдүү, өз алдынча ой жүгүртүүсүн калыптандыруу жана бул негизде окутуудан акырындык менен өзүн-өзү окутууга өтүүнү ишке ашырууда турат. Демек, мугалим азыркы мектепте программалык материалдарды «берүү» менен гана эмес, анын негизинде окуучуларды зарыл психикалык процесстерди, касиеттерди жана сапаттарды калыптандырууга кам көрүшү керек.

Ошол эле учурда басма сөздө көптөгөн мектеп окуучулары мектепте билим алган мезгилинде эсинде бардык предметтер боюнча кеңири билимди сактап калганы менен турмуштук проблемаларга кабылганда эстеги керектүү билимдерди колдонууда, өз алдынча ойлонууга алсыз болуп жаткандыгы айтылып келет. Эч бир, жада калса эң мыкты мектеп дагы алдын-ала окуучулар жашоодо, кийинки практикалык ишмердүүлүгүндө кездешкен ар түрдүү маселени чечүүнү үйрөтүүчү абалда эмес.

Демек, мектеп өсүп келе жаткан муунга конкреттүү билимдердин суммасын гана бербестен, ошондой эле бул билимдердин базасында өз алдынча жыйынтык жасоого, чыгармачылык ой жүгүртүүнүн ыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн үйрөтүүсү керек.

Ошентип, жашоо мектептин алдына жоопкерчиликтүү тапшырманы койду: бардык окуучуларда чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү; жашоодо алар дайыма кезигүүчү теориялык жана практикалык стандарттуу эмес маселелерди өз алдынча чечүүгө аларды даярдоодо. Бардык эле балдарды чыгармачылыкка үйрөтүүгө болобу? Биринчи көз караште бул маселе ишке ашпачудай сезилет. Чындыгында баланы кандайдар бир ишмердүүлүккө үйрөтүүдө, биз көбүнчө татаал ишмердүүлүктү түзүүчү элементардык операцияларга бөлөбүз алардын ар бирин кандай аткарууну көрсөтөбүз, андан соң бардык операцияларга ырааттуу тартипке ылайыктуу эреже беребиз (инструкция, буйрук, тапшырма). Көп жолу көнүгүүлөрдүн аркасында балдар ыкмаларга ээ болот.

Бирок окутуунун мындай ыкмасы чыгармачылык ишмердүүлүккө колдонулбай турган болуп чыкты. Иш мында, чыгармачылык ишмердүүлүктүн борбордук моменти болуп жоромол жана интуиция эсептелет. Ал аң-сезимге капыстан, кокусунан келет жана проблеманы ачык чечүүгө алып келген ой жүгүртүү операцияларынын ырааттуулугун өзүн-өзү байкоонун жолу аркылуу айтууга адамда мүмкүнчүлүк болбой калат. Бул жарк этүү – катал эрежелерге, буйруктарга баш ийбеген ушундай сырдуу процесс. Ал эми аракеттердин ырааттуулугун буйруган катал эреже бар жерде чыгармачылык жок, болгону стандарттуу аткаруучу ишмердүүлүк бар. Узак кылымдардын аралыгында адамдар сырдуу чыгармачылык процессти башкаруунун ыкмаларын издешкен. Өткөн кылымда окумуштуулар чыгарган жалпы тыянак педагогика үчүн анчалык көңүл жубатаарлык эмес, чыгармачылык процесс башкарууга көнбөйт. Чыгармачылыкка жөндөмдүүлүк бул - талант, талант тубаса болот. Качан жаратылыш гендерди чыгармачылык менен сыйлаганда, ал жаратат, жаңыны түзөт, а кимде мындай ген жок болбосо, канча аракет кылбасын эч нерсе жарата албайт, ал чыгармачыл ой жүгүртүүгө, чыгармачылык ишмердүүлүккө жөндөмдүү эмес. Окумуштуулар чыгармачылыктын табиятын изилдөөнү улантышкан, чыгармачылык ишмердүүлүккө ылайыктуу жөндөмдүүлүктү креативдүүлүк деп атоону сунушташкан. Ошентип, креативдүүлүк бул - өз ара байланыштагы жөндөмдөрдүн, элементтердин системасын өзүнө тарткан интегративдик жөндөмдүүлүк.

Чыгармачылык ой жүгүртүүнүн белгилери Гилфорд жана Торренстер сунуштаган тесттерде айтылган:

- тездик (жеңилдик, продуктивдүүлүк);
- ийкемдүүлүк (тез которулуу жөндөмдүүлүгү);
- оригиналдуулук (бөтөнчөлүк, башкачалык);
- тактык (чыгармачылык ой жүгүртүүнүн логикалуулугу);

Азыркы этапта окумуштуулар чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү менен абал анчалык ишенимдүү эмес деп эсептешкен. Чыгармачылыкты стандарттык аракеттерди жана операцияларды окуткандай окутууга болбойт. Бирок, ар бир адамдын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн максатка багыттуу калыптандырууга, өнүктүрүүгө болот. Кээ бирөөлөрдө бул жогорку даражада, башкаларында төмөнүрөөк болот (мында, албетте, табигый шыктын айырмасы айтылат), бирок, ар бир балада ишмердүүлүккө - сүрөт тартуу же дил баян жазуу, же математикалык маселелерди чечүү, же жасалма нерселерди даярдоо болсун чыгармачылык мамилесин арттырууга болот. Бардык чыгармачылык ишмердүүлүктө адам ээ болбосо чыгармачылык тапшырмаларды ийгиликтүү аткара албаган, техникалык - стандарттык ыктар дайыма бар. Эгер бала карандашты кармай албаса жана түз, сынган, тегерек линияларды сыза албаса, эгер кистиге акварельдик же май боёкту алып тарта албаса эч кандай көркөм чыгарма жарата албайт. Дал ушундай эле техникалык долборлоонун ыктарын, белгилөөнү, материалды иштетүүнү, монтажды жана башканы билбей туруп буюмдарды конструкциялай албайт. Чыгармачылык ишмердүүлүктүн курамына кирген бардык техникалык ыктарга кайсы бала болбосун ал ыктарды көрсөтүп, ылайыктуу эрежелерди түшүндүрүп, болуучу каталарды эскертип, системалуу көнүгүүлөрдү уюштуруп үйрөтсө болот. Бала канчалык бул техникалык ыктарга ээ болобосун чыгармачылык ишмердүүлүк үчүн, илимдин жана техниканын тармагында чыгармачыл маселени өз алдынча чечүүдө жетишсиздик кылат. Бул жерде чыгармачылык процесс жөнүндөгү аңгеме, жада калса анын сырткы көрүнүшү да жардам бербейт. Чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү үчүн баланы чыгармачылык ишмердүүлүккө тикеден-тике тартуу чечүүчү мааниге ээ. Ал качан баланын алдында даяр стандарттык чечими жок чыгармачылык тапшырма коюлганда пайда болот.

Акыркы жылдары изилдөөчүлүк методдун, проблемалык тапшырмалардын, проблемалык кырдаалдардын жалпысынан проблемалык окутуунун активдүү пропагандалып жана киргизилип жатышы кокустук эмес.

Ой жүгүртүүнүн өзү турмушта келип чыккан ар кандай тапшырмаларды, проблемаларды чечүү зарылдыгынын таасиринен ишмердүүлүк процессинде тарыхый келип чыгат жана өнүгөт. Максаттуу белгиленген ийгиликтерге жетүүдө келип чыккан кыйынчылыктар ойдун активдүү иштешин туудурат. Проблемалык кырдаалга туштуккан адам маселени баамдап түшүнөт, аны чечүүнүн жолун из-

дейт. Таанып билүүчүлүк жана практикалык маселердин өзөгүндө адам эмнеге жеткиси келет деген карама-каршылык жатат. Бул карама-каршылык ойду алдыга жылдырат. Бирок, бардык эле проблемалык кырдаалдар проблема боло бербейт, ойду өстүрбөйт. Бул мындай шартта өтөт, эгер адамда кырдаалдын предметтик мазмунуна жооп берүүчү кандайдыр бир баштапкы билим бар болсо. Акырысы өзүндө бир каражаттардын (билим, жөндөм, ык) негизинде чечимге субъект кабыл алган проблемалык кырдаалды түзөт.

Педагогикалык анализдин негизги милдеттеринин бири чыгармачылык жөндөмдүн өнүгүшүнө түрткү берген окутуунун технологияларын иштеп чыгууда жана колдонууда турат.

Окутуунун методдору жана технологиялары диалектилик-материалисттик дүйнө таанымдын, кеңири таанып билүүчүлүк муктаждыктарды жана мотивдердин. Толук окуу ишмердүүлүгүнүн азыркы илимий теориялык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн калыптанышын гарантиялаштырышы керек. Окуу китептери жана окутуунун методикалары дал ушул позицияда жакшыртылышы керек, бул окуу процессинин психологиялык мыйзам-ченемдеринен, окутуунун ыктарынан психикалык өнүгүүнүн көз карандылыгын таануудан алынат. Выготский Л.С., Блонский П.П., Рубинштейн С.Л., Леонтьев А.Н., Гальперин А.Я., Эльконин Д.Б., Давыдов В.В. баланын психикалык өнүгүшүнүн негизинде конкреттүү тарыхый шарттарды эсепке алуу менен мурунку муундардын жетишкендиктерин анын өздөштүрүүсүнүн спецификалык процесси жатат деген теорияны иштеп чыгышкан. Окуучулардын психикалык өнүгүшүнүн негизги компоненттери окутуунун жана коомдук тарбия берүүнүн системаларынан көз каранды. Эгер коомго өсүп келе жаткан муунда жаңы жөндөмдөрдү калыптандыруу талап кылынса, анда бул талапка ылайык адекваттуу окутуунун системасын түзүү, чыгармачыл жөндөмдөрдү жана ыктарды өздөштүрүү жана жалпы оку жөндөмдөрүн калыптандыруу менен түрткү берген окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу зарыл.

Репродукция менен чыгармачылыктын ортосундагы чек шарттуу жана кыймылдуу болуп саналат, ал өзүн ар кайсы түрлөрдө, анын ичинде таанып - билүүчүлүктө ар кандай көрсөтөт. Ишмердүүлүктүн ар бир звеносундагы элементтердин болуусу (билимдер, жөндөмдөр, ыктар жөнүндө сөз болууда) шарт жана бир типтен башкасына сапаттуу өтүү дал ошо мурунку звенолордо топтолгон элементтердин санынан көз каранды. Окуучулардын чыгармачылык таанып билүүгө өтүүсү мүмкүн, качан алар репродуктивдик да, чыгармачлык да жөндөмдөрдүн жана ыктардын ылайыктуу комплекси менен куралданганда. Башкысы - көп жолку кайталоодон улам эстеп калуу эмес, түшүнүү. Качан окуучу жаттоого мажбур болсо же аны "кысымга алынса", анда бул эки операция тең тескери эмоцияны окучуда пайда кылат. Эгер окуу материалы өздүк изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө өздөштүрүлүп жатса, өз түзүлүшүндө адамдын мээси көп жолку кайталоого муктаж эмес.

Түшүнүү - өздүк ой жүгүртүүчү иштин жыйынтыгы, окуучу ойлонгон көрүнүштөр жөнүндөгү жаңы билим, предметтик-акылдык ишмердүүлүк процессинде окуучу белгилеген жаңы белги, сапат, байланыш, мамиле. Ошондуктан толук кандуу түшүнүү түшүндүрүүнүн жана угуунун негизинде эмес, өздүк анализ жана синтез, абстракциялоо жана жалпылоо, мыйзамдарды жана принциптерди белгилөө процессинде жетишилет. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн окуу тапшырмаларында өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүккө, алынган билимдерди практикада чыгармачылык менен пайдаланууга түрткү берген талаптарды бөлүп көрсөтөт.

Педагогикалык-психологиялык адабияттарга анализ жалпы окуу билимдеринин блогунан креативдүү билимди бөлүү үчүн зарыл илимий жоболордун, билимдердин бүгүнкү күндө бир топ топтолгондугун көрсөттү. Бирок, педагогикалык окуу китептеринде, билим берүү органынын официалдуу документтеринде креативдик билимди жалпы окуу билимдеринен чектөө жок 2004-жылы Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында башталгыч класстарда окутуунун акырында окуучулар жалпы окуу билимдерге ээ болушу керектиги аныкталган. Ошол эле учурда креативдүү билимдин маңызын санoo менен авторлор аны башка билимдер менен бөлбөйт, конкреттүү аныктама бербейт. Мектепте чыгармачыл активдүү инсанды калыптандыруунун социалдык заказы менен окуучуларда креативдүү билимди конкреттүү талап кылуунун жоктугунун ортосундагы карама-каршылык келип чыгат.

Чыгармачыл жөндөмдөрдүн калыптанышы чыгармачылык ишмердүүлүктүн шартында жүрөт. Окуучуларда чыгармачыл жөндөмдөрдүн жоктугунун себеби мектептеги окутуунун кемчилиги менен жашырылган, балдар дайыма жабык типтеги маселелерге, башкача айтканда аныкталган элементтердин тизмеги жана жалгыз туура жообу бар тапшырмаларга кездешишет. Мындай окутууда балдарда мурда түзүлгөн билимдерге же операцияларга негизделген ой жүгүртүүнүн тиби калыптанат. Ой жүгүртүүнүн оригиналдуулугу жана өз алдынчалуулугу, башкача айтканда, креативдүүлүктүн белги-



Подпись ... заверяю
... КГУ им. И. Арабаева

лери эгер бала ачык типтеги тапшырмалар жана маселелер менен машыкканда гана пайда болот. Алар чечимдин ыкмаларын тандоодо толук өз алдынчалыкты талап кылат.

Чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө негизги принцип болуп карама-каршылыктын диалектикалык принциби кызмат кылат, башкача айтканда бүтүндү карама-каршы бөлүктөргө бөлөт. Карама-каршы түшүнүктөрсүз проблема түзүүгө жана аны чечүүгө мүмкүн эмес. Ой качан идеяларды жарата баштаганда ал бир бүтүндүктүн эки тарабын көрсөткөн жуп түшүнүктөргө кабылат.

Диалектикалык логиканын карама-каршылык мыйзамына негизделген карама-каршы коюу антимонияны, башкача айтканда, өз ара тескери аракеттерди бир мезгилде изилдөөдө, крама-каршы көрүнүштөрдү салыштыруу, бир мезгилде киргизилген окшош түшүнүктөрдү карама-каршы коюу жана башка кеңири колдонууну талап кылат. Дал ушул карама-каршылыктарды бөлүү жана чечүү чыгармачыл жаратмандык ишмердүүлүккө адамды тартат.

Чыгармачылык ой жүгүртүү балдардын орточо көпчүлүгүндө жагымдуу социалдык-педагогикалык климатта калыптанат. Азыр мектеп окуучуларга билимдердин жыйындысын берүү менен алек, тилекке каршы бул окуунун аягында эскирип баратат. Окутуунун башкы максаты окуучуларды окуу билимдери менен куралдандырууда турат, окутуунун башкы күчү эстеп калуу менен жаттап калуудан өз алдынчалуулукту жана шыктуулукту өткөрүүдө турат. Балдарды жаңы, адаттан тышкары нерселерди кабыл алуу, башка адамдардын чыгармачыл ийгиликтерин колдонуу жана жайылтуу жөндөмүн калыптандыруу зарыл.

Ошентип, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн тажрыйбасынын мазмуну киргизилиши керек:

1. Билимди жана жөндөмдү жаңы кырдаалга өткөрүүнү өз алдынча ишке ашыруу;
2. Стандарттык кырдаалда жаңы проблеманы табуу;
3. Объектинин бүтүндүк структурасын белгилөө;
4. Объектинин жаңы функциясын көрө билүү;
5. Проблемаларды чечүүдө альтернативаларды эсепке алуу;
6. Жаңы проблеманы чечүүдө мурда белгилүү ишмердүүлүктүн ыкмаларын кайра куруу жана комбинирлөө;

Балдардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүү алардагы белгилүү түрдөгү жөндөмдөрдү пайда кылуучу маанилүү практикалык аракеттер менен билимдерди калыптандырат. Г.Н.Щукинанын, И.Я.Лернердин, А.З. Рахимовдун, Б.И.Коротяевдин, А.В.Хуторскийдин илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына жана окуу практикалык тапшырмаларды чыгармачыл чечүүнү, үлгүдөн баш тартууну, жаңыны издөөнү, чыгармачыл иштерди өз алдынча аткарууну, долбоорлук ишке активдүү катышууну жалпы билим берүү мектептеринин орто звеносунун окуучулары үчүн зарыл деп эсептеген мамлекеттик стандарттын талаптарына таянуу менен, биз, мектептин орто звенолорундагы окутуунун өтүүчүлүгүн камсыздоо үчүн башталгыч класстын окуучуларнын төмөнкү креативдүү жөндөмдөрүн бөлүүнү сунуштайбыз:

– демилгелүүлүктү (инициативаны) көрсөтүү;

– шаблондуу эмес, традициялуу (салттуу эмес);

– фантазиялоо;

– ойлоп чыгаруу (табышмактарды, ырларды, учкул сөздөрдү, макалдарды);

– образдарды ойлоп табуу жана сүрөттөп көрсөтүү - бул образдарга ылайык келген каражаттардын жардамы менен сүрөттүк, кыймылдык, музыкалык, оозеки;

– ойлоп табуу (тамгаларды, сандарды, символдорду, техникалык куралдарды);

– жасалма неселерди, моделдерди, газета журналдарды даярдоо;

– башка окуучулар үчүн өз тапшырмасынын белгилерин түзүү, концерттик программасын, викторина, кроссворд, сөздүк, оюн;

– ар кандай көз караш менен проблеманы көрүү жана чечүү, ар кандай ыкмаларда тапшырмаларды түзүү жана чечүү;

– түшүнүк жана эрежелерди түзүү;

Жогоруда айтылгандардын негизинде жалпы билим берүү мектептеринин кенже мектеп окуучуларын окутуунун өткөрүүчүлүгүн ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн башталгыч класстын окуучуларында жалпы окуу билимдерин калыптандыруу зарыл деп төмөндөгүдөй классификациялоону сунуштайбыз:

-окуу-маалыматтык (библиографиялык издөөнү ишке ашыруу жөндөмү: маалыматтык-техникалык булактары, справочниктер, китептер менен иштөө, байкоону ишке ашыруу);

-окуу-интеллектуалдык (салыштыруу, классификациялоо, анализдөө, синтездөө, жалпылоо);

-окуу-уюштуруучулук (ишмердүүлүктүн тапшырмаларын кабыл алуу жана белгилөө; ишмердүүлүктү рационалдуу пландоо; ишмердүүлүккө жагымдуу шарт түзүү; ишмердүүлүктүн жүрүшүн жана жыйынтыгын көзөмөлдөө);

-окуу-коммуникативдик (аңгемелешүү жөндөмү, башкача айтканда, шеригинин айтканын тыңшоо жана угуу жөндөмү; өз көз крашын негиздөө; далилдөөнүн системасын түзүү, оргументтерди тандоо, суроолорду берүү, каршылык кылуу, толуктоо; тилдин ыкмаларын колдонуу, анда өз алдынча жакшыртуу; сөздүк ишмердүүлүккө ээ болуу);

-креативдик жөндөм (демилге көрсөтүү; шаблондуу эмес, салттуу эмес ойлоо; фантазиялоо; ойлоп чыгаруу; образдарды ойлоп табуу; санжыра түзүү; ар кандай көз караш менен проблемаларды көрүү жана чечүү; түшүнүктөрдү жана эрежелерди түзүү).

Бардык бөлүмдөрдө өз ара байланышта жана бири бирин шарттап тургандыгын белгилөө зарыл. Демек, алардын түзүлүшүндө өткөрүүчүлүк идеясы жетекчиликке айланат  алардын ар биринин өнүгүшү башкасынын өнүгүшү, аларга байланышы менен шартталат.

*Адабияттар:*

1. Б.Апыш., Д.Бабаев., Т.Жоробеков. Педагогика. Бишкек-2002.
2. И.Бекбоев., А.Алимбеков. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Бишкек-2011.
3. Е.И.Рогова. Общая психология. Ростов-на-Дону-2010.
4. А.Муратов. Адабият сабагы. Адабиятты окутуу. Бишкек-2012.
5. В.А.Сластенин., И.Ф.Исаев., А.И.Мищенко., Е.Н.Шиянов. Педагогика. Уч.пос. Москва-2002.
6. Л.П.Крившенко. Педагогика. Москва-2010.

## Ак эмгектин үзүрү

***Жумакадырова Сабира***

*А. Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердикгимназиянын мугалими,*
*Эл агартуунун отличниги*

Таланттуу педагог, чыгаан методист профессор Каратай Сартбаев агай окуу китептерин жаңы программа менен биринчи жолу комплекс методу менен түзүп, билим жана тарбия берүүгө өзгөчө көңүл буруп келген.

Мектепке жаңы келген ар бир жаш муундар агайдын китептерин окушуп, сабаттары ачылып, таалим-тарбия алып келишкен.

Даярдоо класстары үчүн «Байчечекей-Алиппе», 6 жаштан окуган балдар үчүн «Алиппе», 7 жаштан окуган балдар үчүн «Алиппе», 3-4-класстар үчүн «Кыргыз тили», «Эне тили», класстан тышкаркы окуу китептери жарым кылымдар бою окулуп келди. Алардын методикасын колдонмолору ар бир башталгыч класстын мугалимдеринин колдорунда.

Чыгармачылыктын ысык-суугуна, азап тозогуна аралашып, чыгарма жаратуунун ыктарын өздөштүрүү менен окурмандын табитин жаратуу иши оңойго турбасы ар бир адамга белгилүү эмеспи.

Агайдын китептеринде тексти окуу менен салыштыруу, талдоо, түшүнүү, кабылдоо, кайрадан түзүү, улантуу, сюжетин өзгөртүү, ар кандай максатта текстке кайра кайрылуу, ой жүгүртүү, ага баа берүү сезимдери чагылдырылып турат.

Ошону менен бирге жыйнактары, көргөзмө куралдары да чыгарылды. Ушул мезгилде да мектептерде, орто, жогорку окуу жайларында окуу куралдары пайдаланууда.

Алдыңкы тажрыйбаны изилдеп гезит-журналдарга, радио, теле берүүлөргө берип турган. Кыскасы, ошол мезгилде башталгыч класстарда окутуунун эффективдүү методдорун кызматкерлер менен бирге иштеп чыгууга жетекчилик кылган.

Каратай агай өмүрүнүн 62 жылында иш-аракетин башталгыч класстардын бүт проблемасына арнап келет.

Борбор калаабыз Бишкекте да курстарда лекция окуп, окуу-тарбия иштери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү, тапшырмаларды берип турду.

Агайды өз кесибин чексиз сүйгөн, мүнөзү менен башталгыч класстардын мугалимдеринин жүрөгүнөн орун тапкан, алкышка татыктуу насаатчы катары сыйлайбыз.



заверяю
заверяю
КГУ им. ... АРАБАЕВА